**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| _____________ Ж.Ж.Усубалиева | _______________ К.О.Омурова |
| "_5_" _09_______ 2025 г. | "____" ___________ 2025 г. |

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## «КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫ» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Нарын -2025**

Жумушчу программаны түзгөн
т.и.к., профессордун м.а. ________________ Эсеналиева Г.О

**“Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»** «__3__» ____09____ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент________________ Э.О. Бектурова

НББПнын жетекчиси, п.и.к., доцент ______________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «__4__» ____09____ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. ___________________ Г.О. Эсеналиева

# 1. АННОТАЦИЯ

**«Кыргызстандын тарыхы»** дисциплинасы **550700 – «Педагогика»** багытынын **««Башталгыч билим берүү»,** профилинин **550400 – «Социалдык-экономикалык билим берүү»** багытынын **«Тарых», 550200 – «Физика-математикалык билим берүү»** багытынын **««Информатика, математика», 550100 – «Табигый илимдик билим берүү»** багытынын **«Биология»** профилдеринин окуу планында гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдын негизги бөлүгүндө (коду: Б.1.1.3) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн саттардын жалпы саны – 120, аудиториялык саттар – 64, анын ичинде дарс – 32, семинардык сабак – 32 саатты түзөт. Ал эми 56 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 4 кредитти түзөт. Курс 4-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн саттарын көрсөтүү менен 1-таблицада келтирилген.

## 1. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Стд кц. Б.1.1.3 | 4 | 4 | 120 | 32 | 32 | - | 64 | экзамен |

**Кыскача мазмуну:** «Кыргызстандын тарыхы» окуу дисциплинасы Кыргызстандын бардык окуу жайларында милдеттүү түрдө окутула турган дисциплина.

«Кыргызстандын тарыхы» студенттердин изденүүчүлүк тарыхый ойломун, сүйлөө маданиятын, алган билимин жашоо менен айкалыштыра билүүсүнө, дүйнө таанымын кенейтүүгө студентти өз мекенин сүйүүгө, улуттар аралык ынтымакка, улуттук ан-сезимин түшүнүүгө, өз элинин жана башка элдердин маданиятын сыйлоого, өз тарыхын жана дүйнө элдеринин тарыхын барктоого үйрөтөт.

Кыргызстандын тарыхы дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү болуп саналат. Жалпы тарыхый онүгүштүн хронологиясын сактоо менен кыргыздардын жайгашкан аймагына, социалдык-экономикалык, коомдук өнүгүшүнө, менталитетине аны курчап турган коншу этностор мамлекеттерге жана башка факторлорго жараша бүткүл дүйнөлүк тарыхтан айырмаланган өзгөчөлүктөргө ээ.

## 2. ДИСЦИПЛИНАНЫНЫН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Курстун максаты** – Кыргыз элинин жашоосундагы тарыхый окуялар жана процесстер, алардын себептери, дүйнөнүн жалпы мыйзамдуулугу жана агымдары менен болгон байланышы, кыргыз элинин коншу элдер жана мамлекеттер менен болгон мамилелери. Улуттук мамлекеттүүлүктүн жана маданияттын өнүгүшү, тарыхый инсандардын коомдук-саясий ишмердүүлүгүн окутуу болуп эсептелет.

**Курстун милдеттери**

***Предметтин милдеттери:***

- кыргыздардын тарыхый тамырларын табуу, биздин ата-бабалардын жашоо образын жана тарыхын түшүндүрүү;
- кыргыз элинин калыптанышынын жана өнүгүшү тарыхынын, мамлекеттүүлүгүнүн жана өзүнчөлүгүнүн негизги кылымдарын, этаптарын жана доорлорун тактоо; - кыргыз элинин чыгаан инсандарынын тарыхый ишмердүүлүгү менен таанышуу;
- кыргыздардын коңшу элдер менен болгон өз ара мамилелерин жана өз ара байланыштарын изилдөө;

- Борбордук Азия элдеринин тарыхында кыргыз элинин ордун жана ролун аныктоо; социалдык багытка негизделген өнүккөн коомго Кыргызстандын ийгиликтүү кошулуусунда анын өнүгүүсүнүн тарыхый тенденцияларын жана стратегиялык багыттарын түшүндүрүү.

***Окутуучулук*:**

- Студенттерге «Кыргызстан тарыхы» боюнча тиешелүү деңгээлде билим берүү, студенттердин тарыхка болгон кызыгуусун арттырып билим деңгээлин жогорулатуу;
- Кыргыздардын тарыхый тамырларын табуу, биздин ата-бабалардын жашоо образын жана тарыхын тушундуруу
- Кыргыз элинин калыптануу жана өнугуу тарыхынын, мамлекеттуулугунун негизги этаптарын жана доорлорун тактоо.
- Кыргыз элинин чыгаан инсандарынын тарыхый ишмердуулугу менен таанышуу
- Кыргыздардын коншу элдер менен болгон өз ара мамлилелерин жана өз ара байланыштарын изилдөө.
- Борбордук азия элдеринин тарыхында кыргыз элинин ордун жана ролун аныктоо

***Өнүктүрүүчүлүк:***

- Тарыхый өнүгүүгө карата илимий негиздүү (обьективдүү) көз карашты калыптандыруу, кыргыз элинин басып өткөн жолун, тарыхын илимий булактардын негизинде терең үйрөнүү, Кыргыз тарыхы дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү экендигин аныктоо, түшүндүрүү;
- Тарыхый процесстердин карама-каршылыктарын, көп кырдуулугун, коомдук өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн туура түшүнүүгө, салыштырмалуу ой жүгүртүүгө, тарыхый маалыматтарды сын көз караш менен талдап, илимий булактар менен өз алдынча иштөөгө багыттоо;

***Тарбиялык:***

- Ата-бабалардын баскан жолун, өткөргөн өтмүшүн урматтоо;
- Тарыхтан, өткөндөн сабак-өрнөк алуу;
- Кыргызстан тарыхы аркылуу атуулдук (инсандык) калыптанууга тарбиялык өрнөк берүү, Ата Мекенди сүйүүнү, мекенчилдик сезимдин бекемделишин тарых сабагы аркылуу калыптандыруу. Студенттерге өлкөдө болуп жаткан коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана руханий өнүгүштөргө баа берүүсүнө жетишүү жана алардагы тарыхый илимий көз караштын калыптанышына көмөктөшүү.

***Стратегиялык:***

- Өткөнду билуу, тушунуу, талдоо, жалпылоо менен баалоо аркылуу өлкөнун, коомдук келечегин куруучу келечектеги кесипкөй адистерди кыргызстандын тарыхын окутуу, уйрөтуу аркылуу даярдоо.

Окулуп жаткан курстун **пререквзиттеринде** студенттер төмөнкү курстар боюнча көндүмдөрдү жана билимдерди өздөштүргөн болууга тийиш. Алар: Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарыхтын бардык доорлору, мезгилдери боюнча жана байыркы дүйнөнүн тарыхы, орто кылымдардын тарыхы, жаңы тарых, соңку тарых) менен катар “Жаран таануу” предметтери.

Курстун **постреквизиттери** бул дисциплинаны окугандан кийин студент адистиги боюнча курстук, дипломдук иштерде өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, тыянактарды чыгарып, анализдөө жөндөмү калыптанып жана ошондой эле мектептерге барганда алган билимдерин жана көндүмдөрүн практика жүзүндө колдоно алат. Курсту аяктаганда студенттерде: Социалдык инсандык жана жалпы маданий (СИЖЖМ) компетенттүүлүктөр калыптанат.

### 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Кыргызстандын тарыхы» дисциплинасы **640200 «Электроэнергетика жана электротехника»**багытынын **«Электроэнергетика жана электротехника»**профилинин окуу планында гуманитардык, социалдык жана экономикалык циклдын негизги бөлүгүндө (коду: Б.1.1.3) орун алган.

Дисциплина студенттерге өткөнду билүү,түшүнүү, талдоо, жалпылоо менен балоо аркылуу өлкөнүн, коомдун келечеги кесипкөй адистерди Кыргызстандын тарыхын окутуу, үйрөтүү аркылуу даярдоо.

Курсту жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн студент кыргыз, орус тилдеринин грамматикасы, философия, манастаануу, чет тили курстары боюнча билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болууга тийиш. Ошондой эле ал өз алдынча жазуу жүзүндө тексттерди түзүү билгичтиктери менен көндүмдөрүнө ээ болуусу талап кылынат. Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-таблицада көрсөтүлдү.

## 2-т. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу, кредиттерде | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|---|
| Б.1.1.1<br>Б.1.1.2 | Кыргыз (орус) тили | 1, 2, 3 | 8 | ЖИК-2. ИК-2 |
| Б.2.1.3 | Чет тили | 2 | 4 | ИК-2 |
| Б.3.5 | Философия | 2 | 4 | СИЖК-3 |
| Б.3.6 | Манастаануу | 2 | 2 | АК-4 |

### 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**640200 «Электроэнергетика жана электротехника»** багытынын боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖММ-1) компетенцияга ээ болууга тийиш. “Кыргызстандын тарыхы” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенция 3-таблицада көрсөтүлгөн.

## 3-т. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялар

| Коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| СИЖМК-1 | Коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук негизде социалдык өз-ара аракеттенишүүгө жөндөмдүү, элге сый, башка маданиятка толеранттуулук жана шериктештик мамилелерди колдоого даярдыкты көрсөтөт |

Аталган дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студенттерде калыптандырылуучу компетенциялар жана алардын түзүүчүлөрү 4-таблицада көрсөтүлгөн.

## 4-т. Дисциплинаны окуп-үйрөнүп,оздоштуруунун натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялары

| Коду | Компетенциянын аталышы | Курсту окутуунун жыйынтыгы боюнча кутулуучу натыйжалар |
|---|---|---|
| СИЖМК-1 | Коомдо кабыл алынган моралдык жана укуктук негизде социалдык өз-ара аракеттенишүүгө жөндөмдүү, элге сый, башка маданиятка толеранттуулук жана шериктештик мамилелерди колдоого даярдыкты көрсөтөт | **Билет:** Кыргыздардын тарыхый тамырларын табууну, кыргыз элинин калыптанышынын жана өнүгүшү тарыхынын, мамлекеттүүлүгүнүн жана өзгөчөлугунун негизиги кылымдарын , этаптарын жана доорлорун тактоону билет. Кыргыз элинин чыгаан инсандарынын тарыхый ишмердуулугун билет. Кыргыздардын коншу элдер менен болгон өз ара мамилелерин жана өз ара байланыштарын билет<br>**Аныктай алат**: Борбордук Азия элдеринин тарыхында кыргыз элинин ордун жана ролун аныктай алат. Социалдык багытка негизделген өнүккөн коомго Кыргызстандын ийгиликтүү кошулуусунда анын өнүгүүсүнүн тарыхый тенденцияларын жана стратегиялык багыттарын аныктай алат.<br>Кыргыз элинин чыгаан инсандарынын тарыхый ишмердүүлүгү менен тааныша алат. Кыргыздардын коншу элдер менен болгон өз ара мамилелерин жана өз ара байлагыштарын изилдей алат. Борбордук Азия элдеринин тарыхында кыргыз элинин ордун жана ролун аныктай алат.<br>**Ээ болот:** тарыхый процесстердин карама-каршылыктарын, көп кырдуулугун, коомдук өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн туура түшүнүүгө, салыштырмалуу ой жүгүртүүгө, тарыхый маалыматтарды сын көз караш менен талдап, илимий булактар менен өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болот. |

Дисциплинаны өздөштүрүү аяктаган соң студенттер ар бир компетенциялар боюнча конкреттүү күтүлүүчү натыйжаларга жетүүлөрү тийиш. Ар бир күтүлүүчү натыйжа конкреттүү көндүмдөрдү билүүнү, колдоно билүүнү, аларга ээ болууну камтыйт.

### 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

«Кыргызстандын тарыхы» дисциплинасы боюнча дарстарды, практикалык сабактарды өтүү жана студенттин өз алдынча иштөөсү каралган. Окутуунун бардык формалары боюнча студенттер менен байланышта иштөөгө жана студенттердин өз алдынча иштөөсүнө сааттар бөлүнүп көрсөтүлгөн дисциплинанын көлөмү.

## 5.1. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү

| Окуу ишинин түрү | Саattардын көлөмү |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 120 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 64 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 32 |
| Практикалык сабактар | 32 |

| | |
|---|---|
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 56 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 30 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | 16 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 10 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: экзамен | |

## 5.2. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну.

***Курска мүнөздөмө***

“Кыргызстан тарыхы”- дүйнө тарыхынын курамдык бөлүгү болуп эсептелет, ал мезгилдик жана мейкиндик өлчөмү боюнча эң узак кеңири көрсөткүчтөргө ээ. Кыргызстандын тарыхы негизинен алганда шарттуу түрдө кыргыз элинин тарыхынан жана азыркы Кыргызстандын аймагынын тарыхынан турат. Бирок, ар бирин өзүнчө кароого жол берилбейт. Анткени кыргыз эли дүйнөдөгү эң байыркы элдердин бири экендиги баарына белгилүү, кыргыздар өз тарыхында эң байыркы доорлордон азыркы учурга чейин жигердүү тарыхый жолду басып өтүп, көчмөндөр цивлизациясынын өкүлү катары дүйнөлүк тарыхый өнүгүүгө, дүйнөлүк цивлизацияга омоктуу таасир тийгизип, зор салым кошкон. Кыргыз элинин тарыхы көптөгөн дүйнө элдеринин жана Азиянын кең мейкининин тагдыры, тарыхы менен тыгыз байланышта. Ал эми азыркы Кыргызстандын аймагы кыргыз ээлеген аймактардын бир гана болуп эсептелет. Кыргызстандын тарыхы жеке эле азыркы Ата-Журтубуздун аймагы менен чектелбестен кыйла зор Азия мейкининин тарыхын камтыйт, ал эми мезгили жагынан чектелбестен тарых башаты эң байыркы көөнө учурларга кетет. Кыргызстан тарыхынын негизги, орчундуу маселелери жана милдеттери окутулуп, кыргыз тарыхынын негизги булактары боюнча маалыматтар, түшүнүктөр берилет. Учурдагы кыргыздар жөнүндө маалыматтар, дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүндөгү жашаган кыргыздар, алардын тарыхый тамырлары жана өбөлгө-себептери боюнча маалыматтар камтылат. Курстун коом тануу илиминдеги алган орду, эң негизгиси улуттук аң сезимдин калыптануусундагы маани-маңызына көңүл бурулат. Кыргызстандын тарыхы лекциялык жана семинардык сабак түрүндө өткөрүлөт.

**Лекцияларда** студенттер Кыргызстандын тарыхынан: Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхынын негизги этаптары жана доорлору, археологиялык, этнологиялык, көркөм, фолькулордук, картографиялык, жазуу булактары, советтик, чет өлкөлүк, ата мекендик, падышалык жана башка мезгилдердин тарыхнаамасы, Кыргызстандын аймагындагы таш жана коло кылымдары, Кыргызстан аймагындагы байыркы көчмөндөр, Кыргызстан Түрк кагандыктарынын курамында, Кыргызстан аймагындагы X-XIIкк.мамлекеттер, Кыргыздар моңгол чапкыны жана моголдор доорунда, Кыргызстандын Кокон хандыгы жана Россиянын курамындагы мезгили, Кыргызстандын Совет доорундагы мезгили жана Кыргызстандын эгемендүү республика болуп жарыяланышынан азыркы мезгилге чейинки тарыхы боюнча түшүнүк алышат.

**Семинардык** сабактарда студенттер Кыргызстандын тарыхы боюнча оор жана проблемалуу темаларды талкуулашат жана ал боюнча кошумча маалыматтарды издеп, өз көз караштарын ойлорун билдиришет.

Студенттердин өз алдынча иштеринде темалар боюнча кошумча адабияттардын, окумуштуулардын эмгектеринин негизинде докладдарды, рефереттарды аткарышат.

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн тематикалык план берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат.

## «Кыргызстандын тарыхы » дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык планы

| № | Темалардын аталышы | жалпы сааты | Аудиториялык сабактар | | СӨИ (СРС) сааты | Баа-лоо упайы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Лекция | практ-к саат/ семинар | | |
| 1 | **Кириш сөз. Кыргызстан тарыхы - дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү. Кыргызстан байыркы доордо** | | 2 | 2 | | |
| 2 | **Кыргызстан Түрк кагандыктарынын курамында** | | 2 | 2 | | |
| 3 | **Байыркы кыргыздардын Энесайдагы мамлекетинин түзүлүшү жана өнүгүшү VI-XII кк.** | | 2 | 2 | | |
| 4 | **Кыргызстан аймагындагы XII-XV-кк мамлекеттер. Чыңгыз хандын басып алуучулук жортуулдары. Кыргызстан чыңгызийлердин башкаруу мезгилинде** | | 2 | 2 | | |
| 5 | **Кыргызстан XVI - XVIII кылымдын ортосуна чейинки мезгилде. Этностук процесстер жана Теңир-Тоодо кыргыз элинин калыптанышы** | | 2 | 2 | | |
| 6 | **Кыргызстан Кокон хандыгынын мезгилинде** | | 2 | 2 | | |
| 7 | **Кыргызстандын Россияга кошулушу (1855-1876-жж.)** | | 2 | 2 | | |
| 8 | **Россия падышачылыгыгын колониялык саясаты. Кыргызстандагы улуттук - боштондук күрөш** | | 2 | 2 | | |
| 9 | **Кыргызстанда совет бийлигинин орношу** | | 2 | 2 | | |
| 10 | **Кыргызстан XX кылымдын 20-30 жылдарында** | | 2 | 2 | | |
| 11 | **Кыргыз советтик улуттук мамлекеттинини түзүлүшү жана өнүгүшү. Тоталитардык режимдин күчөшү.** | | 2 | 2 | | |
| 12 | **Кыргызстан Улуу Ата- Мекендик согуш жылдарында. 1941-1945-жж.** | | 2 | 2 | | |
| 13 | **Кыргызстан согуштан кийинки жылдарда 1945-1960-жж.** | | 2 | 2 | | |
| 14 | **Кыргызстандын коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүшү. 1961-1985-** | | 2 | 2 | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **жж.** | | | | | |
| 15 | **Кыргызстан «кайра куруу» жылдарында. 1985-1990-жж.** | | 2 | 2 | | |
| 16 | **Эгемендүү Кыргызстандын жаралышы жана калыптанышы** | | 2 | 2 | | |
| **Баардык аудиториялык сабактар** | | | **32 с.** | **32 с.** | | |
| **Жалпы сабак боюнча** | | | **64** | | | |

## Лекциялык курстун тематикалык мазмуну

| № | Темалардын аталышы | Мазмуну |
|---|---|---|
| 1 | **Кириш сөз. Кыргызстан тарыхы - дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү. Кыргызстан байыркы доордо** | Тарых илим катары. Ата-Мекен тарыхы – дүйнөлүк тарыхтын бир бөлүгү. Тарыхты изилдөөнүн принциптери. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхынын негизги этаптары, доорлору, булактары. Кыргызстан дүйнөлүк тарыхый процессте. Кыргыз Республикасы тууралуу жалпы маалымат. Тарыхый процесстин өзгөчөлүктөрү. Ата Мекен тарыхын окутуу жаштарды мекенчилдикке жана патриоттуулукка тарбиялоонун негизги каражаты.<br>Кыргызстан аймагындагы таш доору. Таш куралдары. Саламат булак комплекси. Тосордогу адам турган жай. Ак Чуңкур үңкүрүндөгү сүрөттөр. Саймалуу-Таштагы аскага чегилген сүрөт галереясы. Алгачкы жамаатык түзүлүштүн бузула башташы. Коло доорундагы Андрон жана Чуст маданияттары. Ош турак жайы. Алгачкы диний ишенимдер.<br>Сактар байыркы дүйнө тарыхында. Алардын жайгашуусу, чарбачылыгы, коомдук түзүлүшү жана аскер иши. Сактардын перс падышалары менен күрөшү. Александр Македонскийдин басып алууларына каршы күрөшү. Сак урууларынын материалдык маданияты. Усундардын мамлекеттик жана коомдук түзүлүшү. Кытай менен союздаш болуусу. Усундардын чарбачылыгы жана материалдык маданияты.<br>Давань мамлекетинин чарбачылыгы, шаарлары жана коомдук түзүлүшү. Кытайлыктардын Ферганага жасаган жортуулдары. Кыргыздар Хунну империясынын курамында. Хунндардын коомдук түзүлүшү, чарбачылыгы жана материалдык маданияты. "Кыргыз" этнониминин биринчи эскерилиши. |
| 2 | **Кыргызстан Түрк кагандыктарынын курамында** | Байыркы түрктөр. Түрктөрдүн келип чыгышы жөнүндөгү уламыш. Түрк мамлекетинин түзүлүшү. Орто Азияны басып алуу. Жети-Суудагы Согдиалык колониялар. Иранга жана Константинополго Маниахтын элчиликтери. Земарх кагандын ордосунда Улуу жибек жолу үчүн күрөш. Түрктөрдүн Европадагы басып алуулары. Түрк каганатынын кулашы. Теңир-Тоо түрктөрү. Батыш Түрк кагандыгынын жогорулашы. Чжань-Цзяндын саякаты. Түрктөр Орто-Азиянын мейкин талааларында. Ич ара чыр-чатактар. Батыш Түрк кагандыгынын кулашы. Чыгыш-Түрк каганатынын кайтадан калыбына келиши. Түргөштөрдүн мамлекети. Төргөштөр арабдар менен күрөштүн башында. Карлук уруулары. Арабдардын кытайлыктар менен 751-ж. Атлахтагы салгылашуусу. Карлук мамлекети. |
| 3 | **Байыркы кыргыздардын Энесайдагы мамлекетинин** | Энесай кыргыздарынын этностук жана саясий тарыхынын негизги этаптары. Тарыхый булактар энесай кыргыздары жөнүндө. Энесайдагы Кыргыз мамлекетинин башкаруу түзүмү, калкы, аскери. |

| | | |
|---|---|---|
| | **түзүлүшү жана өнүгүшү VI-XII кк.** | Комплекстүү чарбанын өнүгүшү: дыйканчылык, мал чарбасы, тоо-кен иштетүү, аңчылык, балыкчылык. Кол өнөрчүлүк. Кыргыз соода жолу. Социалдык түзүлүшү. Кыргыздардын материалдык жана руханий маданияты. Руна жазуулары. Барс-бек – ажо. Түрктөр менен согушуу жана жеңилүү. Барс-бекке эпитафия.<br>Кыргыздардын уйгурларга каршы карлуктар менен күрөшүүсү. Уйгур кагандыгын кыйратуу. Кыргыздардын Улуу дөөлөтү. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн эң жогорулаган мезгили IX-X кк. В.В. Бартольд “Улуу кыргыз дөөлөтү” жөнүндө. Анын кыска мезгилге жашагандыгынын себептери. XI XII кк. Энесайдагы Кем-Кемжиут, Алтайдагы Кыргыз княжестволору.Кыргыздардын мамлекетинин кулашы. |
| **4** | **Кыргызстан аймагындагы XII-XV-кк мамлекеттер. Чынгыз хандын басып алуучулук жортуулдары. Кыргызстан чынгызийлердин башкаруу мезгилинде** | Караханий династиясынын пайда болушу. Ислам. Каганаттын чек арасынын кеңейиши. Ферганаы жана Мавераннахрды басып алуу. Күч-кубаттуулуктун туу чокусуна жетиши. Ич-ара согуш. Мамлекетти экиге бөлүү. Державанын начарлашы. Махмуд Кашгари. Жусуп Баласагын. Караханид доорунун маанилүү тарыхый эстеликтери: Бурана, Таш-Рабат, Өзгөн тарыхый-архитектуралык комплекси, Шах-Фазиль мавзолейи. Каракытай мамлекети. Наймандар. Кучлук ханзаада.<br>Чынгыз хандын ооматынын өйдөлөшү. Монголдордун Эне-Сай жана Теңир-Тоо кыргыздарын басып алышы. Кыргыздар Чагатай улусунда. Теңир-Тоого монгол жана жаңы түрк урууларын массалык көчүп келиши. Жергиликтүү түрк урууларынын кадыр-баркынын көтөрүлүшү. 1269-ж. Таластагы курултай жана Хайду мамлекетинин түзүлүшү. Хайду мамлекетинин кулашы. Шаарлардын жана айылдардын жакырланышы.<br>Моголистан мамлекетинин чек арасы. Дуулаттардын гегемониясы. Исламды кабыл алуу, Мавераннахрга жортуулдар. "Баткак салгылашуусу”. Моголдордун жеңилиши. Ич ара чыр-чатактар. Моголистан Тимурдун жортуулуна каршы күрөштө. Кыргыздардын ал күрөшкө катышуусу. Кыргыздардын Теңир-Тоого журт которушу.. Кыргыздардын саясий жактан чыңалышы. |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | **Кыргызстан XVI - XVIII кылымдын ортосуна чейинки мезгилде. Этностук процесстер жана Теңир-Тоодо кыргыз элинин калыптанышы** | "Кыргыз" термини. Кыргыз элинин калыптануусунун негизги этаптары. Кыргыз элинин этногенези боюнча окумуштуулардын көз караштары. Энесай, Алтай, Теңир-Тоо кыргыздарынын катнашы. Кыргыздардын Теңир-Тоодогу жергиликтүү урууларды бириктириши. Кыргыз элинин Тенир-Тоодо калыптанышы. Бул маселенин 1956-ж. СССР ИА жана Кыргыз ССРинин ИАнын атайын бириккен сессиясында каралышы. 1994-ж. “Кыргыздар жана Борбордук Азиядагы байыркы доордогу жана орто кылымдардагы этногенетикалык, этномаданий процесстер” аттуу эл аралык илимий конференциянын чечимдери. Кыргыздардын этногенези .<br>Борбордук Азиядагы саясий өзгөрүү. Захириддин Бабурдун өзбектер менен күрөшү. Кыргыздардын көз каранды эмес саясий бирикмеси. Ахмед-хан. Султан-Халил. Кыргыздардын XV-XVI кк. уруулук түзүлүшү. Мухаммед Кыргыздын ишмердүүлүгү. XVI к. кыргыздардын мамлекеттиксаясий биригүүсү. Могол хандарынын кыргыздарга каршы жортуулдары.<br>Шейбаниддер жана Аштарханиддер менен күрөш. Кыргыздар Жуңгар хандыгынын курамында. Кыргыздардын калмактар менен күрөшү жана анын "Манас" эпосунда чагылдырылышы. Жуңгар хандыгынын кыйрашы жана Кытай менен алгачкы байланыштар. Кытайга жиберилген кыргыз элчилери. Цинь агрессиясына сокку уруу. Чыгыш-Түркстандагы элдик-боштондук күрөшкө кыргыздардын катышуусу. Россия менен байланыш түзүү. Россияга жиберилген биринчи кыргыз элчилиги. Атаке бий. XIX-к. биринчи чейрегинде орус-кыргыз элчиликтерин бири-бирине жиберүү<br><br>Мал чарбачылыгы. Дыйканчылык. Аңчылык. Алмашуу жана соода. Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшү: бийлер, манаптар, букаралар. Материалдык маданият: турак жай, , кийим-кече, тамак-аш. Кол өнөрчүлүк. Руханий маданияты: элдик оозеки чыгармачылык, “Манас” эпосу. Каада-салт, ырым-жырым, ишенимдер.Исламдын кыргыздардын арасында таралышы (XVI к.). Элдик ойчул-гуманисттер – Асан-кайгы, Толубай-сынчы, Санчы-сынчы.<br>Заманчылар – Калыгул, Арстанбек Буйлаш уулу (революцияга чейин эле ырларын жазган), Молдо Кылыч,Молдо Нияз. |
| 6 | **Кыргызстан Кокон хандыгынын мезгилинде** | Кокон хандыгынын түзүлүшү. Кубат-бий кыргыздардын башчысы. Кыргызстанды басып алуунун этаптары. Тайлак баатыр. Хандыктын эзүүсү астында. Административдик башкаруу жана социалдык-экономикалык абал. Кокондуктардын |

| | | |
|---|---|---|
| | | салык саясаты. Кыргыз уруу башчыларынын хандыктагы орду. Алымбек жана Курманжан датка.. Кыргыздардын Кокон хандыгына каршы 1873-1876-жж. көтөрүлүшү. Исхак Асан уулу (Пулатхан). |
| **7** | **Кыргызстандын Россияга кошулушу (1855-1876-жж.)** | XIXк. кыргыз урууларынын абалы. Ормон хандын кыргыз урууларын бириктирүүсү. Ысык-Көл кыргыздарынын Россия империясына кошулуусу. Боромбай-бий. Чүй жана Кемин кыргыздарынын орус букаралыгын кабыл алышы. Теңир-Тоо кыргыздарынын каршылыгы. Үмөтаалы Ормон уулу. Россиянын Кокон хандыгын каратып алуусу. Шабдан Жантай уулу. Скобелев менен жолугушуу. Курманжан датканын Кыргызстандын Россияга кошулуусундагы ролу. Россия империясына кошулуунун тарыхый мааниси. |
| **8** | **Россия падышачылыгыгын колониялык саясаты. Кыргызстандагы улуттук - боштондук күрөш** | Падышачылыктын колониялык саясаты. Кыргызстандагы административдик реформалар. Падышачылыктын орус дыйкандарын Кыргызстандын аймагына көчүрүү саясаты. Дунган качкындарынын келиши. Кыргыздардын чөйрөсүндө патриархалдык-феодалдык мамилелердин бузулуусу. Букара калктын абалынын начарлашы. Салык саясатынын күчөтүлүшү жана жерлерди келгин дыйкандарга тартып алуу.<br>Анжиян көтөрүлүшү. Көтөрүлүштүн жеңилишинин себептери. Мадали Дукчи Эшен. Зияддин Максым уулу.<br>1916-ж. улуттук боштондук көтөрүлүшү. Көтөрүлүштүн себептери, шылтоосу, жүрүшү, натыйжалары. Кыргызстандын түндүгүндөгү көтөрүлүштүн өзгөчөлүктөрү. Мөкүш Шабдан уулу. Канат хан. Көтөрүлүштүн тарыхый мааниси. Көтөрүлүш жөнүндөгү азыркы көз караштар. |
| **9** | **Кыргызстанда совет бийлигинин орношу** | Петроградда , Ташкентте куралдуу көтөрүлүштүн жеңиши, Советтердин алгачкы декреттери. Кыргызстандын аймагында совет бийлигинин алгач Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында орнотулушу. Кыргызстандын түндүгүндө Советтердин большевиктештирилиши. А.И. Иваницын, Г.И. Швец Базарный, Х. Хасанов, К. Сарыкулаков жана башкалар. Пишпек, Нарын, Пржевальск уезддеринде совет бийлигин орнотуудагы кыйынчылыктар. Түркстан АССРинин жарыяланышы. Совет бийлигинин Кыргызстандын аймактарында орнотулушу, өзгөчөлүктөрү |
| **10** | **Кыргызстан XX кылымдын 20-30 жылдарында** | Жарандык согуш. Я.Н. Логвиненко. Кыргызстан аймагындагы басмачылык кыймылы: себептери, максаттары, жетекчилери. М.В. Фрунзе. Совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн качкындарына жардам. Жер маселесин чечүүнүн Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрү. Коллективдүү чарбалардын түзүлүшү. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Индустриялаштырууда “Интергельпо” кооперативинин ролу. |
| 11 | **Кыргыз советтик улуттук мамлекеттинини түзүлүшү жана өнүгүшү. Тоталитардык режимдин күчөшү.** | Өз алдынча кыргыз мамлекетин уюштуруу демилгелери. Тоолуу Кыргыз автономиялык областын түзүү боюнча аракеттер. Абдыкерим Сыдыков, И. Арабаев. Орто Азия улуттук мамлекеттерге бөлүнүүсү (1924-ж.). Кара- Кыргыз автономиялык облусу болуп жарыяланышы. А. Орозбеков. КАОнун КАССР болуп түзүлүшү. Ж. Абдрахманов, К. Тыныстанов. Кыргызстандагы 20-жылдардагы жер-суу реформаларынын ишке ашырылышы жана мааниси. КАССРдин Кыргыз ССРи болуп түзүлүшүнүн шарттары. (1936ж.). Б. Исакеев, И. Айдарбеков.<br>30-жыдардагы башкаруунун административдик методдорунун күчөтүлүшү. Анын обүективдүү жана субүективдүү факторлору. Массалык репрессиялар. репрессия. Ата-Бейит. |
| 12 | **Кыргызстан Улуу Ата-Мекендик согуш жылдарында. 1941-1945-жж.** | Улуу Ата Мекендик согушта кыргызстандыктардын көрсөткөн эрдиктери. Генерал Панфилов, Д. Шопоков, Ч. Түлөбердиев, И. Таранчиев, Д. Асанов, К. Үсөнбеков жана башкалар. Кыргызстандыктардын фронтко жалпы элдик жардамы. Согуш мезгилиндеги Кыргызстандын өнөр -жайы жана айыл чарбасы. Согуш мезгилиндеги Кыргызстандагы илим жана маданият. Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин тарыхый мааниси |
| 13 | **Кыргызстан согуштан кийинки жылдарда 1945-1960-жж.** | Кыргызстандын тынчтык өндүрүшүнө өтүүдөгү кыйынчылыктар. Өнөр-жай, транспорт жана энергетиканын өнүгүшү. Айыл чарбасын, өнөр-жайын калыбына келтирүү, мамлекеттик колдоо.Сталинден кийин өлкөнү демократизациялаштыруу. Н.С. Хрущев. Кыргызстандагы коомдук-саясий турмуш. Коомдогу демократиялык өзгөрүүлөр. И. Раззаковдун мамлекеттик ишмердүүлүгү (1950-1961жж.). Билим, илим, маданият жана искусство. Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын Москвадагы декадасы (октябрь 1958 ж.). |
| 14 | **Кыргызстандын коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүшү. 1961-1985-жж.** | Кыргызстандагы коомдун демократиянышы. Т.Усубалиевдин мамлекеттик ишмердүүлүгү. Экономикадагы өкмөттүк реформалар:оор өнөр жайынын, энергетика тармагынын өнүгүүсү (Токтогул ж.б. ГЭСтер), жеңил өнөр жайдагы өзгөрүүлөр. Айыл чарбасындагы кыйынчылыктар. Жалпы өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүндөгү кетирилген кемчиликтер. “Сенектик” мезгили. “Өнүккөн социализм”. Партиялык бюрократизмдин, буйрукчул- |

| | | |
|---|---|---|
| | | административдик башкаруунун күч алышы. |
| 15 | **Кыргызстан «кайра куруу» жылдарында. 1985-1990-жж.** | Саясий, экономикалык жана социалдык кризистин алгачкы белгилери. Анын ичкми жана тышкы факторлору. А. Масалиев. Коомдун бардык чөйрөлөрүндө кайра куруунун зарылдыгы. СССРдин ыдырай башташы. 1990-жылдагы Ош окуясы жана анын сабактары. Кыргыз ССР Жогорку Советинин кезексиз сессиясы. А.А. Акаевдин Президенттик бийликке келүүсү. |
| 16 | **Эгемендүү Кыргызстандын жаралышы жана калыптанышы** | 1991-жылдагы август айындагы ГКЧПнын иш аракеттери, анын Кыргызстанга тийгизген таасири. СССРдин жоюлушу. Суверендүү Кыргыз Республикасы болуп жарыяланышы. Кыргыз Республикасынын экономикалык жана саясий маселелери. Эгемен мамлекеттеги өзгөрүүлөр, реформалар. Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясы. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикалары. Мамлекеттик бийликтин үч бутакка бөлүнүшү. Демократиялык түзүлүш. Жаңы көп партиялуу уюмдардын пайда болушу. Коомдук бирикмелер. Өкмөттүк эмес уюмдар. Өткөөл мезгилдеги айыл - чарбасынын жана өнөр жайынын экономикалык абалы. Экономикалык саясаттагы реформалардын ишке ашышы. Менчиктештирүүнүн жүрүшү. Калктын социалдык абалы. Жакырчылыктын күчөшү. Калктын ички жана тышкы эмгек миграциялары. Кыргызстандын учурдагы социалдык-экономикалык абалы. |

## Семинардык сабактын мазмуну

| № | Темалар | Аткаруунун туру жана тапшырмалар | Сааты |
|---|---|---|---|
| **1** | Кыргызстан байыркы мезгилде. Байыркы уруу союздары жана алгачкы мамлекет. Байыркы кыргыздар жөнүндө алгачкы маалыматтар. “Кыргыз” этноними жөнүндө. Кыргызстан аймагындагы байыркы көчмөндөр (Сактар, хуннулар, усундар). Даванъ жана Кангы мамлекеттери | **Максаты:**<br>• Борбордук Азиядагы жана Тянь-Шандагы антропогенездин өзгөчөлүктөрүн аныктоо;<br>• Кыргызстандагы таш доорун археологиялык табылгалар менен далилдөө;<br>• Андронов жана Чуст маданияттарын талдоо жана салыштыруу;<br>• Ош кыштагы Чуст маданиятынын маданий-идеологиялык борбору болгондугун далилдөө;<br>• Сактардын усун цивилизациясы менен таанышуу менен алардын тарыхтагы ордун аныкоо;<br>• Кыргыздардын хунндар менен болгон мамилесин талдоо;<br>• Даван мамлекетинин коомдук түзүлүшүн жана чарбачылыгын анализдөө; | **2** |

***Аткаруунун түрү:*** топтор менен иштөө, **“Кластер”** түзүү, тарыхый булактар жана карта менен иштөө **«Инсерт»**

***Адабияттар:***


1. История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В 5-ти т. – Фрунзе, 1984
2. История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в. – Б., 1996
3. История Отечества: люди, идеи, решения. – М., 199
4. Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. – Б., 199
5. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004
6. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Кн.1,2. – Б., 1993
7. Абетеков А.К., Баруздин Ю.Д. Сако-усуньские памятники Таласской долины //Археологические памятники Таласской долины. – Фрунзе, 1963
8. Аманбаева – Б., Дэвлет Э. Петроглифы Сулайман-Тоо //Новое о древнем и средневековом Кыргызстане. – Б., 1999
9. Брыкина Г.А. Юго-Западная Фергана в первой половине I тыс.н.э. – М., 1982
10. Вайнберг Б.И., Ставинский Б.Я. История и культура Средней Азии в древности. – М., 199
11. Горбунова Н.Г. Фергана по сведениям античных авторов //История и культура народов Средней Азии. – М., 197
12. Гумилев Л.Н. Хунны. – М., 199
13. Древняя и ранняя средневековая культура Кыргызстана. – Фрунзе, 1967
14. Заднепровский Ю.А. Ошское поселение. К истории Ферганы в эпоху поздней бронзы. – Б., 199
15. История Кыргызстана с древнейших времен до конца XIX в, – Б., 1996
16. Страницы истории и материальной культуры Киргизстана. – Фрунзе, 1975

17. http://www.kyrgyz.ru Кыргыз тарыхына арналган сайт
18. http://www.allkg.info Кыргызстан жөнүндө маалымат сайт
19. http://kk.wikipedia.org

<table>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>2</td><td>Кыргызстан түрк кагандыктарынын курамында</td><td>Максаты:<br>• Байыркы түрктөр, алардын келип чыгышы жөнүндөгү булактар менен таанышуу;<br>• Түрк каганатынын жиктелишин жана Батыш түрк каганатынын тышкы саясатын аныктоо;<br>• Түргөштөр жана карлуктар мамлекетиинин саясатын талдоо;</td><td>2</td></tr>
<tr><td colspan="4">Аткаруунун түрү: Тема боюнча слайд даярдоо жана аны презентациялоо. "Эки бөлүктүү күндөлүк", "Инсерт", карта жана контр менен иштөө<br>Адабияттар:<br>1. Арабо-персидские источники о тюркских народах. – Фрунзе, 1973<br>2. Бактыгулов Дж.С., Момбекова Ж.К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней. – Б., 1999<br>1. Баласагунский Юсуф. Благодатное знание/пер.С.Иванова. – М., 1983<br>2. Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1997<br>3. Бартольд В.В., Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996<br>4. Бичурин Н.Я. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т. 1, Алматы,1998<br>5. www.facebook.com/Kyrgyz Taryh Koomu<br>6. www.bizdin.kg<br>7. www.manas.cc<br>8. http://kk.wikipedia.org<br>9. http://ru.wikipedia.org</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Эне-Сайдагы Кыргыз мамлекети</td><td>Максаты:<br>• Энесай кыргыздарынын үрп-адаты, каада салттары мамлекеттик түзүлүшү менен таанышуу;<br>• VIII-IX кк. чектериндеги Борбордук Азиядагы саясий-коомдук абалды аныктоо;<br>• Кыргыз кагандыгынын ички жана тышкы саясатынын негизинде Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн түзүлгөнүн талдоо;<br>• Улуу Кыргыз Дөөлөтүнүн саясий-коомдук түзүлүшүн мүнөздөө менен, дөөлөттүн тарыхтагы ордун баалоо;</td><td>2</td></tr>
<tr><td colspan="4">Аткаруунун түрү: Улуу Кыргыз дөөлөтү ээлеп алган жерлер түшүрүлгөн картаны даярдоо Топтор менен иштөө, "Венндин диаграммасы", "Балык методу"<br>Адабияттар:<br>1. Акмолдоева Ш.Б. Древнекыргызская модель мира (на материалах эпоса «Манас»). – Б., 1996<br>2. Бактыгулов Дж.С., Момбекова Ж.К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней. – Б., 1999<br>3. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1997<br>4. Бейшембиев Э.И. др. Введение в историю кыргызской государственности. – Б., 1994<br>5. Восточные авторы о кыргызах /сост. Караев Б. – Б., 1994<br>6. Газиев А. Барсбек кыргыздардын каганы. – Б., 19<br>7. Малявкин А.Г. Уйгурские государства в IX - XII вв. Новосибирск, 198<br>8. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004</td></tr>
</table>

9. Худяков Ю.С. Енисейские кыргызы. Новосибирск, 1983
10. Худяков Ю.С. Кыргызы на Енисее. Новосибирск,1986
11. Худяков Ю.С. Кыргызы на просторах Азии. – Б., 1993
12. Чоротегин Т. Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии домонгольского времени. – Б., 1995
13. Газиев А. Барсбек кыргыздардын каганы. – Б., 1993
14. http://kk.wikipedia.org

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4** | Кыргызстан аймагын-дагы X-XII кк. Мамлекеттер. Кыргызстан моңголдор-дун доорунда (Чагатай улусу, Хайду мамлекети). Моголстан жана Амир Тимирдин мамлекеттери | **Максаты:**<br>● Караханийлер каганатынын пайда болушун кагандыктын коомдук түзүлүшү жана башкаруу системасын талдоо;<br>● Каганаттын ички жана тышкы саясатын аныктоо;<br>● Караханийлер доорундагы маданият жана алардын өзгөчөлүктөрүн тактоо;<br>● Чыңгыз хандын империясынын негизделишин, Эне-Сай кыргыздарынын моңголдорго баш ийишин аныктоо;<br>● Хайду хан жана анын реформаларынын маанисин талдоо;<br>● Моголстан мамлекетинин пайда болушу жана анын ички жана тышкы саясатын талдоо;<br>● Амир Темирдин мамлекетининин түзүлүшү жана кыргыздардын бул мамлекеттеги ролун аныктоо; | **2** |

***Аткаруунун түрү***: Караханийлер каганатынын бөлүнүшүнүн себеби жана натыйжалары **"Дарак методу", «Венндин диаграммасы»** методу менен иштөө

***Адабияттар:***

1. Бартольд В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1996
2. Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1997
3. Бартольд В.В. Туркестан в эпоху монгольского нашествия //Соч. Т.3. – М., 1963
4. Восточные авторы о кыргызах / сост. Караев О. – Б., 1994
5. Джуманалиев Т. Политическая история Кыргызстана XIII - XV вв. – Б., 2001
6. Гумилев Л.Н. Древние тюрки. – М., 1993
7. Источники по средневековой истории Кыргызстан и сопредельных областей Средней Азии и Центральной Азии. – Б., 1991
8. Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Моголистан. – Б., 1994
9. Караев О. История Караханидского каганата (X в. – начало XIII вв.). – Фрунзе, 1983
10. Киргизия при Караханидах. – Фрунзе, 1989
11. Кыргыз республикасынын тарыхы. – Б., 2000
12. Кычанов Е.И. Жизнь Темучина, думавшего покорить мир. – Б., 1991
13. Кляшторный С.Г., Савинов Д.Г. Степные империи Евразии. СП– Б., 1994
14. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности. М.-– Л., 1951
15. Материалы по истории киргизов и Киргизии. Вып.1. – М., 1969
16. Новое о древнем и средневековом Кыргызстане. – Б., 1999
17. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004
18. Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана (XIII - XVIII вв.) /сост. Джуманалиев Т., – Б., 1996
19. Пиков Г. Кидани. Новосибирск, 198
20. Эралиев З. Жусуп Баласагын. – Б., 200

<table>
<tr><td colspan="4">
21. www.facebook.com/Kyrgyz Taryh Koom<br>
22. www.bizdin.kg<br>
23. www.manas.cc<br>
24. http://kk.wikipedia.org<br>
25. http://ru.wikipedia.org
</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Кыргыздарын XVI-XVIII кк. коңшу элдер менен болгон алакалары<br>Этникалык процесстер жана Теңир-Тоодо кыргыз элинин калыптанышынын аякташы</td><td>Максаты:<br>● Кыргыз элинин этносттук процесстери боюнча уламыштарды окумуштуулардын көз караштарын талдоо;<br>● “Кыргыз” этнониминин келип чыгышы жана анын маанисин тактоо;<br>● Кыргыз элинин калыптанышын Тянь-Шанда калыптанышын аныктоо;<br>● Мухаммед Кыргыздын саясий ишмердигине баа берүү менен алардын монголдорго каршы күрөшүн тактоо;<br>● Кыргыздардын калмактарга каршы казак, өзбектер менен болгон күрөшүн талдоо;<br>● Кыргыз-казак чабыштарын, алгачкы орус-кыргыз алакаларын аныктоо;</td><td>2</td></tr>
<tr><td colspan="4">
Аткаруунун түрү: Топтор менен иштөө, презентация жасоо, "Үч баскычтуу интервью" , тема боюнча схема, сүрөттөрдү даярдоо“Мүмкүнчүлүк веери”, “Идеялар дөгөлөгү” методдору<br>
Адабияттар:<br>
1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Л., 1971; – Б., 1990<br>
2. Бактыгулов Дж.С, Момбекова Ж.К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней. – Б., 1999<br>
3. Вопросы этнической истории кыргызского народа. – Фрунзе, 1989<br>
4. Дебец Г.Ф. Проблемы происхождения киргизского народа в свете антропологических данных //Труды кыргызской археолого-этнографической экспедиции. Т. 1., – М., 1956<br>
5. Ибраимов А. Кыргызы и их генофонд. – Б., 1992<br>
6. Иванов П.П. Очерки истории Средней Азии (XVI - сер.XIX вв.). – М., 1958<br>
7. Кыргызы: Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. – Б., 1996<br>
8. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004<br>
9. Петров К.И. Очерк происхождения киргизского народа. – Фрунзе, 1963<br>
10. Плоских В.М. Первые киргизско-русские посольские связи (1784-1827 гг.). – Фрунзе, 1970<br>
11. Сапаралиев Д.Б. Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в.– Б., 1995<br>
12.<br>
13. Табышалиев С.Т. Происхождение кыргызского народа. – Фрунзе, 1991<br>
14. Этносоциальные процессы в Кыргызстане. – М., 1994
</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Кыргыздар Кокон хандыгынын курамын-да</td><td>Максаты:<br>● Кокон хандыгынын түзүлүшүн жана кыргыздардын хандык менен болгон мамилесин аныктоо;<br>● Кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшүн талдоо;</td><td>2</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td colspan="4">Аткаруунун түрү: “Дарак методу, “Эмне үчүн техникасы”, “Диспут”<br>слайддарды презентациялоо, схема, сүрөттөрдү даярдоо.<br>Адабияттар:<br>1. Иванов П.П. Очерки истории Средней Азии (XVI - сер.XIX вв.). – М., 1958<br>2. История кыргызов и Кыргызстана. – Б., 2000<br>3. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004<br>4. Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханство. Фрунзе,1977<br>5. Сапаралиев Д.Б. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII до середины XIX в. – Б., 1999<br>6. Сооданбеков С.С. Общественный и государственный строй Кокандского ханства. – Б., 2000<br>7. Усенбаев К.У. Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства. – Фрунзе, 1961<br>8. Хасанов А.Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства. – М., 1977</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Кыргызстандын Россияга каратылышы</td><td>Максаты:<br>• 1840-1850-жж. Кыргызстандын түндүгүндөгү саясий кырдаалды аныктоо;<br>• Кыргызстандын түндүгүн Россиянын каратып алышынын жолдоруна талдоо жүргүзүү<br>• XIX к. 60-70-жж. Түштүк Кыргызстандагы коомдук-саясий абалды аныктоо;<br>• Кокон хандыгынын жоюулушун жана Россиянын Кыргызстандын түштүгүн каратуудагы өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүү;</td><td>2</td></tr>
<tr><td colspan="4">Аткаруунун түрү: «Балык диаграмма» ыкмасы, “Эмне үчүн” техникасы” , “Мээ чабуулу”<br>Адабияттар:<br>1. Байтур А. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-2-китеп. – Б., 1992<br>2. Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – М., 1959<br>3. Кененсариев Т. Кыргызстандын Орусияга каратылышы. – Б., 1998<br>4. Кыргызы и Кыргызстан; опыт нового исторического осмысления. – Б., 1994<br>5. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004<br>6. Усенбаев К.У. Прогрессивное значение присоединения Киргизии к России. – Фрунзе, 1957<br>7. www.facebook.com/Kyrgyz Taryh Koomu<br>8. www.bizdin.kg<br>9. www.manas.cc<br>10. http://kk.wikipedia.org<br>11. http://ru.wikipedia.org</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Россия падышачылыгынын колониялык саясаты. Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүш</td><td>Максаты:<br>• Анжиян көтөрүлүшүнүн себептерин, жүрүшүн, жыйынтыгын аныктоо;<br>• 1916-ж. улуттук боштондук көтөрүлүшүнүн себептерин, жүрүшүн, жыйынтыгын азыркы көз караш менен талдоо жүргүзүү;</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="4">Аткаруунун түрү: Доклад даярдоо, топтор менен талкуу, топтордогу презентация.<br>“Дискуссия”<br>Адабияттар:<br>1. Байтур А. Кыргыз тарыхынын лекциялары. 1-2-китеп. – Б., 1992</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td colspan="4">2. Восстание 1916 г. в Средней Азии и Казахстане. Сб.док. – М., 1960<br>3. Восстание кыргызов и казахов в 1916 г. – Б., 1993<br>4. Усенбаев К.У. 1916 г.: героические и трагические страницы, – Б., 1997<br>5. Касымбеков Т. Баскын. Т-7., Кыргын. Т-8., Б.,2009.<br>6. www.facebook.com/Kyrgyz Taryh Koomu<br>7. www.bizdin.kg<br>8. www.manas.cc<br>9. http://kk.wikipedia.org<br>10. http://ru.wikipedia.org</td></tr>
<tr><td>9.</td><td>Кыргызстанда совет бийлигинин орношу</td><td>Максаты:<br>• Кыргызстандын аймагында совет бийлигинин алгач Кызыл-Кыя, Сүлүктү шаарларында орнотулушу.<br>• Кыргызстандын түндүгүндө Советтердин большевиктештирилиши. А.И. Иваницын, Г.И. Швец Базарный, Х. Хасанов, К. Сарыкулаков жана башкалар.<br>• Пишпек, Нарын, Пржевальск уезддеринде совет бийлигин орнотуудагы кыйынчылыктар. Түркстан АССРинин жарыяланышы.<br>• Совет бийлигинин Кыргызстандын аймактарында орнотулушу, өзгөчөлүктөрү</td><td>2</td></tr>
<tr><td colspan="4">Аткаруунун түрү: “Кластер”, “Вендин диаграммасы” методдору<br>Адабияттар:<br>1. Акунов А. Государственное управление Кыргызстана в транзитный период. – Б., 1999<br>2. Джунушалиев С. Суверенный Кыргызстан: проблемы традиции и стабильности. – Б., 2000<br>3. История Кыргызстана. XX век. – Б., 1998<br>4. Койчуев Т., Постсоветская Центральная Азия: состояние, поиски, пути, возможности, – Алматы, 1994<br>5. Кыргызы и Кыргызстан: опыт нового исторического осмысления. – Б., 1994<br>6. Ожукеева Т.О. XX век: возрождение национальной государственности в Кыргызстане. – Б., 1993<br>7. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004</td></tr>
<tr><td>11</td><td>Улуттук Кыргыз Совет мамлекетинин түзүлүшү жана өнүгүшү.<br>Тоталитардык режимдин күчөшү.</td><td>Максаты:<br>• Өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүнүнүн шарттарын жана зарылчылыгын аныктоо;<br>• Кара-Кыргыз АО түзүлүшүнүн тарыхый маанисин жана аны түзүүдөгү инсандардын ролун талдоо;<br>• Кыргызстандагы репрессия жана анын кесепеттерин тактоо;</td><td>2</td></tr>
</table>

***Аткаруунун түрү:*** Рефарат даярдоо, топтордо талкуу жүргүзүү, презентация

***Адабияттар:***


1. 1937 год в Кыргызстане. – Б., 1991
2. Абдрахманов Ю. 1916 г. Дневники. Письма Сталину. Фрунзе,1991
3. Бейшембиев Э., Джунушалиев Д., Мокрынин В., Плоских В. Введение в историю кыргызской государственности. – Б., 1994
4. Джуманалиев А. Политическая история Кыргызстана. – Б., 2002
5. К вопросу государственного строительства Советского Киргизстана 1924-1937гг. – Фрунзе, 1974
6. Курманов 3. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. – Б., 1997
7. Малабаев Дж. История государственности кыргызов. – Б., 1997
8. Нурбеков К.Н., Государственно-правовое строительство Советского Кыргызстана. – Фрунзе, 1981
9. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А., Кыргызстан тарыхы. – Б., 2004
10. У истоков кыргызской национальной государственности. – Б., 1997
11. Аттокуров С.А. История индустриального развития Киргизии (1917-1937). – Фрунзе, 1965
12. Хелимская Р. Тайны Чон-Таша. – Б., 1994
13. www.facebook.com/Kyrgyz Taryh Koomu
14. www.bizdin.kg
15. www.manas.cc
16. http://kk.wikipedia.org
17. http://ru.wikipedia.org


| | | | |
|---|---|---|---|
| **12** | Кыргызстан Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1950 жж.) | **Максаты:**<br>• Улуу Ата Мекендик согушта кыргызстандыктардын көрсөткөн эрдиктерин талдоо;<br>• Согуш мезгилиндеги Кыргызстандын өнөр жайы жана айыл чарбасын аныктоо;<br>• Кыргызстандын адабият жана искусствосундагы Улуу Ата Мекендик согуштун сүрөттөлүшүн белгилөө менен талдоо;<br>• Кыргызстандын тынчтык мезгилинде өнүгүүсүн, кыйынчылыктарын аныктоо; | |

***Аткаруунун түрү:*** **«Инсерт»,** доклад даярдоо, топтор менен талкуу, топтордогу презентация

***Адабияттар:***


1. Бактыгулов Дж.С, Момбекова Ж.К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до наших дней. – Б., 1999
2. Их подвиг будет жить в веках. – Фрунзе,1985
3. Керимбаев С.К. Воины Киргизстана на фронтах Великой Отечественной войны 1941-1945 гг. – Фрунзе,1985
